# Сен менин жүрөгүмсүң

Сен менин нурун чачкан жарыгымсың

Дайрадай ташып турган агымымсың

Бактыма бир кез келип кайра келбес

Жомокто сыйкырчы алтын балыгымсың

Иииий жомокто сыйкырчы алтын балыгымсың

Сен менин тунук мөлтүр булагымсың

Жалжал көз, жаным биргем, ынагымсың

Адашып жол таппасам караңгыда

Өмүрдү жарык кылган чырагымсың

Иииий өмүрдү жарык кылган чырагымсың

Сен менин кагып турган жүрөгүмсүң

Сенин менин ташты жарган мүрөгүмсүң

Түбөлүк бактылуу өмүр сүрсөм дагы

Сен менин назик аппак тилегимсиң

Иииий сен менин назик, аппак тилегимсиң

Түбөлүк бактылуу өмүр сүрсөм дагы

Сен менин назик, аппак тилегимсиң

Иииий сен менин кагып турган жүрөгүмсүң

Иииий сен менин кагып турган жүрөгүмсүң